КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛАСТЫ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
БАШ-КУУГАНДЫ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАШ-КУУГАНДИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

## Баш-Кууганды айыл аймагынын Баш-Кууганды айылдык кенешинин

## XVIII - чакырылышынын кезектеги үчүнчү сессиясынын

№18-3 / 4 токтому.

Баш-Кууганды айылы.

2023- жылдын 12- апрель

**Баш-Кууганды айыл аймагындагы Кайра бөлүштүрүү жерлерин пайдалануу укугу үчүн пайдалануудагы сугат ,чабынды, кайрак жерлеринин ижара акыларын жергиликтүү бюджетке салыктык эмес түшүүлөрдүн акысын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” мыйзамынын 27 жана 34-беренелерине ылайык, Баш-Кууганды айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын жергиликтүү маанидеги маселени чечүү сунушу боюнча Баш-Кууганды айыл аймагынын айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Баш-Кууганды айыл аймагындагы Кайра бөлүштүрүү жерлеринин ижара акылары 15 апрель 2023 жылдан баштап көтөрүлсүн.
2. Кайра бөлүштүрүү жерлеринин 1 га суу баскан аянты үчүн ижара акысы жер салыгын жана социалдык төлөмдөрү кошулуп 1800 (бир мин сегиз жүз сом),1 га кайрак ,чабынды жер аянттары үчүн ижара акысы жер салыгын жана социалдык төлөмдөрү кошулуп 1200 сом болгондугу белгиленсин.
3. Ушул токтом каттоодон өткөрүлүп www.gagsmsu.kg сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жана мыйзамдаштыруу жагы Баш-Кууганды айыл өкмөтүнүн башчысы Сапаралиев Бактыбек Нурдиновичке милдеттендирилсин.

Каттоо номери 12

Баш-Кууганды айыл аймагынын
айылдык кеңешинин төрагасы.

Сайнидинов.Тарасбек.